УДК 4: 943.41(07)

Сатышева Г. А.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# КЫРГЫЗ ТИЛ САБАГЫНДА ИННОВАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУ

*Бул макалада жаңы технологиянын негизги багыттарын кыргыз тилинин практикалык курсу сабактарында колдонуунун ыкмаларына анализ жүргүзүлмөкчү. Бир нече суроолор каралып, илимий-практикалык кызыгууларды жаратат деген ойдобуз.*

Өз өлкөңдүн, өз элиңдин өткөндөгү жана учурдагысын ар бир адам баласы тили аркылуу таанып-билет эмеспи. Ошондуктан дайыма сүйлөө речин өстүрүү тарбиясына кам көрүп келебиз. Сүйлөө маданиятынын тазалыгын, жогорулугун айтып, бирок, тилекке каршы, дайыма эле ийгиликке жетише албай келебиз. Бардык эле учурда кыргыз тилин башка улуттарга окутууда кыргыз тилинде начар сүйлөшөт, сабаттуу жаза алышпайт, кыргыз тил сабагын сүйбөйт дегнен арыздарды угабыз. Баарыга белгилүү, азыр балдар аз окуйт, дегеле китеп менен аз баарлашат. Азыркы күндө телевидение, кино жана башка массалык-маалымат каражаттары китепти экинчи планга  жылдырып койгону эч кимге жашыруун эместир. Азыр жаштар окуган китептери жөнүндө талашып-тартышпайт, таза улуттун жүзүн көрө албайсың.

Таза, бийик, кирдебеген сүйлөө речибиз таза абадай, мыкты ден соолуктай керек. Тилчи мугалимдердин, студенттердин, лексикалык сөз байлыктарынын аздыгын, көркөм окууга болгон төмөн деңгээлди айткандарын көп угабыз. Ал эми текстти окуу бул сабакты окутууда студенттер менен пикир алышуунун негизи эмеспи. Тигил же бул текстти окуу менен биздин студенттер, биринчиден, жаңы маалыматты алышат, экинчиден, пикир алышуунун базасы, үчүнчүдөн, өзүнүн жеке пикири менен салыштыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Кыргыз тилинин практикалык курсу сабагын окутуунун негизги тапшырмасы мына ушунда турат. Ошентсе да бардык эле учурда тапшырманы максатына жеткире албайсың. Мындай бир суроолор туулат:

1. Группада жумушчу атмосферасын кантип түзүү керек?
2. Тигил же бул текстти, аңгемени, поэмадан үзүндүнү окууга кантип кызыктыруу керек?
3. Студенттин чыгармачылыгын, ишмердүүлүгүн кантип ойготуу керек?

Ушул суроолорго жооп издейм. Группада максаттуу багыт менен пикир алышуу үчүн речтик темалардан бир текст болуш керек. Текст сөзсүз эле болуп жүрбөдү беле деген суроо туулат. Ырас, а бирок тексттерге кандай тапшырмалар берилчү эле, эстеп көрөлүчү. (Текстти окугула, суроолорго жооп бергиле, план түзгүлө, которгула ж.б.у.с.). Бул тапшырмалар мектеп партасынан эле тааныш, студенттерге чыгармачылык менен иштөөсүнө кызыгуу жаратпайт.

Инновациялык технология усулу жеке өз алдынча ойлонуу жыйынтыгына алып келет. Мындай сын ой жүгүртүүнү өстүрүү, ойлонуу формасындагы сабактар ар кимдин өз идеясын калыптандырууга, жанындагылардын оюн баалап, өз оюнун көз карандысыздыгын камсыз кылат. Жаңы интерактивдүү технологияны тексттин негизине колдонуп окутуу өз ойлорун суроолорго карата жасалмасы жок тартынбай айтууга, пикирлешүүсүнө багытталат. Кыргыз тилинин  практикалык курсу сабагында сын ой жүгүртүүнү өстүрүү формасын колдонуу ар бир студентке турмушка, келечекке көз караш чыгармачылык менен карап, өз оюнун жаратуучусу болгонго түрткү берет. Бул программа студенттерге төмөндөгүдөй өсүү берет:

1. Сын көз менен ойлоо, башкача айтканда, изилдөө ыкмасы менен суроолорду жаратуу, системалуу түрдө суроолорго жооп издөө, талданып жаткан суроону таанып, кунт коюп угуп, аргументтерин, логикасына кылдат жыйынтык чыгарууга багыт берет.
2. Студент өзү окуп, үйрөнүп жаткан окууну жөн гана маалымат катары пассивдүү

кабыл албай, жоопкерчилик менен жекече таанып-билүүсүн колдонуп, аны башкаларга жарыялай билүүгө үйрөтөт.

3. Эң негизгиси - билдирүү жасай билүү. Жогорудагыдай ыкмаларды колдонуу менен студенттер карама-каршы туулган суроо-жооптордун булагын табышат, ар биринин алдында жоопкерчилик пайда болот.

4. Ыкмаларды издеп, аны билим менен айкалыштырып, өз турмушунда колдонуп, үйрөнүшөт. Бул ЖОЖду бүткөндө да аларга сөзсүз жардамы тиет.

Бул программа ар түрдүү көптөгөн түрлөрдү жана формаларды, өзгөчө көркөм окууларды, жазуу иштерин ичине камтыйт.Окуу бул – таанып-билүүнүн булагы, ал эми жазуу иши-окуганды түшүнгөн сезими, терең ойлонуу менен ачып көрсөтүү. Бул ыкма ар түрдүү аңгемелешүү, дискуссия, диалог, пикир алышууларды ичине камтыйт. Кыргыз тилинин практикалык курсу сабагынын окутуучусунун милдети – кыргыз эмес студенттерди кыргыз тилинин ар түрдүү каражаттарын колдонуу менен так жана толук кандуу өз оюн, туя билүү сезимдерин кыргыз тилинде айта билүүгө үйрөтүү. Студенттер бири-бири менен талашып-тартышып, диалог, оюн сабактарында сүйлөшө алганда гана сүйлөөгө үйрөнүшөт. Сүйлөшүү кыргыз эместер үчүн оор процесс катары көрүнөт жана аны жоюунун ыкмалары огеле көп. Биздин студенттерди келечегинде жөн гана айрым грамматикалык жаттама эреже менен калбастан, речтик базаларын кеңейтип, өз алдынча сүйлөөгө багыттап, адамдар менен сүйлөшүү деңгээлине жеткирүү зарыл. Бул тууралуу көптөгөн коммуникативдик формалар, ар түрдүү интерактивдүү сабактардын мазмуну жөнүндө айтууга болот. Төмөндө ушундай бир сабактын учурунан мисал келтирели.

**Тема: Алыкул Осмонов «Музыка».**

Демек, музыка тууралуу, биздин музыкага болгон сүйүүбүз, сезимдер тууралуу сүйлөшөлү, аңгемелешели, талашып-тартышалы. Айта кетчү нерсе, бул сабак улантуучу тайпаларда өтөт. Негизинен, сабак «Музыка» деген жалпы ат менен берилген. Бул темада А. Малдыбаевдин өмүрү-чыгармачылык жолу, музыка жөнүндөгү учкул сөздөр жана А. Осмоновдун «Музыка» аттуу ырын жаттоо, талдоо берилген.

**Сабактын жүрүшү:**

1. ***Уюштуруу учуру.***
2. Ырды окуу, окууга багыттоо.

***Кадамдар:***

1. **<u>Багыт</u>.**

а) Биздин сабактын биринчи стадиясында окутуучу тарабынан кыраааты менен окулган А.Осмоновдун «Музыка» аттуу ырын угуу сунушталат. (Техникалык каражаттарды колдонуп, кассетада жазылган көркөм окууну угузса да болот). Эскертүү: Ыр кыргыз жана орус тилинде окулат.

- Эссе жазгыла. Ар кимиңер өзүңөрчө ырды окуганда эмнени түшүндүңөр? Силердин сезимиңерди, эргүүңөрдү сүрөттөп жазгыла.

б) Экиден болуп жазышат.

в) Группада жазышат.

**<u>2. Ой жүгүртүү</u>**

а) Биринчи куплети окулат:

Мен суу ичпейм таңдай катып турганда,
Мен нан жебейм алдан тайып турганда.
Музыкадай мага таттуу суусун жок,
Берчи мага, берчи мага жарым кашык музыка!

Орусча котормосу:

Нет мне отрады в струе родника,
Хлеба не надо мне ни куска.
Музыка – мне и вода и еда.

Дайте сюда,
дайте сюда,
Музыки полглотка!

Биринчи куплетке карата суроолор:

1. Эмне үчүн акын «Мен суу ичпейм, таңдай катып турганда, мен нан жебейм алдан тайып турганда» деп, өзүн курман кылууга даяр?
2. Алыкулдун музыкага болгон чыныгы, назик, эң бийик сүйүүсү сага кандай таасир кылды?
3. Андан ары эмне болду? (Талкуу, ойлор, сунуштар, талаш-тартыштар жүрөт).

Эскертүү: студент өз оюн орусча, кыргызча айтканга акылуу.

Айрым сөздөргө, сөз айкаштарына түшүндүрмөлөр берилет. Мисалы: алдан тайып турганда, таттуу суусун, жарым кашык.

б) Экинчи куплети окулат:

Мен ыйлабайм, капа тартып турганда,
Мен кубанбайм, бак-дөөлөткө тунганда.
Дарым ушул, кайгы жана шаттыкта,
Берчи мага, берчи мага жарым кашык музыка!

Орусчасы:

Слёз не пролью, хоть и печаль глубока,
Не улыбнусь, если жизнь сладка.
Музыка – радость моя и беда.
Дайте сюда,
Дайте сюда.
Музыки полглотка!

Экинчи куплетке суроолор:

1. Акынга кайгы жана шаттыкта дары болчу эмне экен?
2. Акындын жүрөктөгү дартына даба болчу музыка силерге кандай таасир берди?
3. Музыканын керемет күчү жөнүндө ойлонгула. (Талкуу, ойлор, пикирлер болот).

Экинчи куплеттеги сөздөргө, сөз айкаштарына түшүнүк берилет. Мисалы: бак-дөөлөт, капа тартып турганда, дарым ушул, жарым ууртам ж.б.

в) Үчүнчү куплети окулат

Эмнелер жок, бул дүйнөдө, жарыкта,
Не бир сонун… , не бир сонун асыл баа.
Мен кетерде, ошончонун ичинен,
Сагынарым, эң аярым, эң кымбатым – музыка!

Орусчасы:

Верьте, что мне земля дорога!
Синие горы, леса, луга,
Блещут и манят издалека…
Но, покидая предел земной,
Буду жалеть о тебе одной,
Музыка, му – зы - ка!

Үчүнчү куплетке суроолор:

1. Акындын «сагынарым, эң аярым, эң кымбатым - музыка» деген саптарына баа бергиле.
2. Акыл турмуштун катаал учурунда да музыканын кулакка жагымдуу бойдон калаарын кантип түшүндүрүп жатат?
3. «Музыканын тили – которулбай турган тил» деген түшүнүктү чечмелеп, айткыла.

Үчүнчү куплеттеги айрым сөздөргө түшүнүк, котормо берилет: асыл баа, эң кымбатым, сагынарым, кымбат, эң аярым, бул дүйнөдө ж.б.

3.Ой жүгүртүү

Ырды дагы бир ирет окуп, акындын улуулугун, терең сезимин музыканын сыйкырын бүткүл жүрөгү менен сезген зор күчүн талкууга коебуз. Студенттерге өз бет алдынча иштөөгө сунушталат.

а) жекече иштешет;
б) экиден болуп иштешет;
в) группа (экиге бөлүнүп иштешет).

**Жыйынтыктоо:**

1. Мен үчүн ырда эмне маанилүү?
2. Мен кандай иштедим?
3. Мен дагы кандай иштей алам?

Толук жооп бере албаган суроолорго кошумча адабияттар сунушталат. Айта кетчү нерсе, албетте, бул жерде интерактивдүү усулдун максаты жөн гана маалыматтарды берип, суроо-жооп алуу эмес, студенттин жекече иш жүргүзүүсүнө, жекече ой жүгүртүп, аны сабаттуу талкуугa коюп, башкалардын пикири менен салыштырып, түрдүү ыкмаларды колдонуу жолун үйрөнүп, сабактарда активдүүлүктү өстүрүү болуп саналат.

**Адабияттар:**

1. Буйских Т. М., Задорожская Н. П. Критическое мышление в преподовании общественных дисциплин. – Бишкек, 2003.

2. Интерактивные методы обучения и управления классом: Методическое пособие для учителей. – Бишкек: IFES, 2004.

3. Аликметс К. Т., Метса А. А. Поговорим, поспорим. – Москва, 1991.

4. Дербишева З. К., Жайнакова Н. Т. Кыргызский язык для лиц, говорящих по-русски. – Бишкек, 1993.